**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору
Ош шаары, Водозаборная к. 215/1

**Министерство образования и науки Кыргызской Республики**
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
Центр последипломного и непрерывного медицинского образования
г. Г.Ош, ул.Водозаборная 215/1

Окуу-методикалык кеңештин жыйынынын

ПРОТОКОЛУ

3.12.2021 № 5. Ош шаары

Төрайымы – К.Д.Калыбекова.
Катчысы -

Катышкандар:

Борбордун директору: А.К. Жанбаева.
Ординатура бөлүмүнүн башчысы: К.К. Абдурасулов.
Үзгултуксуз медициналык билим берүү бөлүмүнүн башчысы: Ч.А.Эшбаева
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: И.Т.Ыдырысов
Терапиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: Ж.Б.Иметова
Педиатриялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: А.Т.Маткасымова
Стоматологиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: Г.С.Эргешова
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: Г.А. Кочконбаева.
Терапиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: С.А. Машрапова.
Педиатриялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: К.Жарыбекова
Стоматологиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн ОМК мүчөсү: Т. Султанова.

Күн тартиби:

1. Окуу усулдук колдолмолорду даярдоо, клиникалык жетекчилер жана клиникалык насаатчылардын билим деңгээлин жогорулатуу.
2. Ординаторлор үчүн экзамендик материалдарды (суроолор, тестологиянын талабы боюнча тесттер, ситуациалык суроолор жана практикалык көнүмдөр) талкулоо жана бекитүү.

1. Окуу усулдук колдолмолорду даярдоо, клиникалык жетекчилер жана клиникалык насаатчылардын билим деңгээлин жогорулатуу.

   Угулду:А.Т. Маткасымова

Окуу - усулдук колдонмо өзүңүздөр билгендей эле тематикалык пландар, сунуштар, программалык материалдарынын негизги багыттары, башкы идеялар, эрежелер талдоого алынат жана практикалык машыгууларын терендетүү боюнча методдор, ординатолорго жаңы түшүнүктөрдү берүү, жаңы алган билимин бышыктоо, аларды кайталоо, жалпылоо. Ординаторлорго кошумча маалыматтар берүү менен алардын түшүнүктөрүн, билгичтиктерин, машыкандыктарынын конкреттештирүүнүн жолдорун көргөзүү максатында ар бир предметтен бирден клиникалык жетекчилер окуу -усулдук колдонмолорун даярдап бериңиздер. Билим берүү программа жетекчилери клиникалык жетекчилердин окуу-усулдук колдонмолору боюнча анализ жүргүзүп, таблица турүндө дирекцияга тапшырыңыздар.

Ал эми экинчи каралуучу маселе клиникалык жетекчилер жана клиникалык насаатчылардын билим деңгээлин жогорулатуу максатында январь айында өтүлүүчү “Педагогика жана психология” боюнча семинар. Бул семинарга катыша турган профессордук-окутуучулук курамдын тактасаңыздар. ОшМУнун “Педагогика жана психология” курсуна катышышсын.

2.Ординаторлор үчүн экзамендик материалдарды (суроолор, тестологиянын талабы боюнча тесттер, ситуациалык суроолор жана практикалык көнүмдөр) талкулоо жана бекитүү.

2021-2022- окуу жылына карата тестологиянын талабы боюнча ар бир адистикке 200 тест түзүлдү. Жыйынтыктоочу тесттин курамынын 70% кырдаалдык маселелер, ал эми 30% тесттик суроолор түздү. Тесттер ординатура бөлүмүнүн башчысы К.К.Абдурасулов тарабынан бекитилгенден кийин ординаторлорго берүү үчүн сайтка жайгаштыруу керек.

Токтом кылат:

1.Ар бир клиникалык насаатчы тарабынан бирден окуу усулдук колдонмо даярдалсын.

Ал эми төмөндөгү клиникалык насаатчы жана клиникалык жетекчилер, билим деңгээлин жогорулатуу максатында январь айында өтүлүүчү “ Педагогика жана психология “ сааттарына жазылышсын (тиркеме).

2. Экзамендик тесттер ар билим берүү программалар тарабынан бекитүүгө ДКжҮМБББнун бөлүм башчысы К.К.Абдурасуловго сунушталсын жана сайтка жайгаштырылсын.

Төрайымы : ______________ К.Д. Калыбекова

Катчы: ______________ К.А Эргешова